МЕМОРАНДУМ

**КАРА-КӨЛ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ, КАРА-КӨЛ ш.) МЕНЕН И. РАЗЗАКОВ атындагы КМТУнун КАРА-КӨЛ ШААРЫНДАГЫ ФИЛИАЛЫНЫН (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ, КАРА-КӨЛ ш.) ОРТОСУНДАГЫ КЫЗМАТТАШУУ ЖӨНҮНДӨ**

Кара-Көл шаардык мэриясы тарабынан мэр Н. О. Орозбаев мэриянын атайын Жоболорунун негизинде бир тараптан, И. Раззакова атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Кара-Көл шаарындагы филиалынын, директору Р.А. Өзүбекова экинчи тараптан КМТУнун Уставынын негизинде иш алып баруу менен өз ара пайдалуу кызматташуу жөнүндө бул Меморандумду (мындан ары – Меморандум) түзүлдү.

1.1. Бул Меморандумдун предмети болуп Кара-Көл шаарынын мэриясы менен Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Кара-Көл шаарындагы филиалынын ортосунда билим берүү тармагындагы кызматташтыкты өнүктүрүү, жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо жана биргелешкен илимий изилдөөлөрдү жана илимий-техникалык иштеп чыгууларды жүргүзүү саналат.

2.1. Ушул Меморандумдун максаттарына жетүү үчүн Тараптар төмөнкү багыттар боюнча бири-бири менен кызматташууга макулдашышат:

2.1.1. Кара-Көл шаарында И. Раззаков атындагы КМТУнун филиалынын кесиптик билим берүү багытында мэриянын кызматкерлери үчүн бакалавриат программаларында, кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү курстарда окутуу.

2.1.2. Кара-Көл шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүмдөрүндө окуу-өндүрүштүк, өндүрүштүк, илимий-изилдөө, дипломго чейинки практикаларды өткөрүү;

2.1.3. Өз ара кызыкчылык туудурган тармактарда жогорку квалификациялуу кадрларды жана адистерди даярдоодо кызматташуу;

2.1.4. Тараптардын өкүлдөрүн докладдарды окууга, тажрыйба алмашууга чакыруу жана окуу-методикалык иштер боюнча маалыматтар, ошондой эле окуу пландары жана программалары жөнүндөгү тажрыйбаларды, маалыматтарды алмашуу.

2.1.5. Тараптардын профессордук-окутуучулук курамы тарабынан лекцияларды жана мастер-класстарды (анын ичинде онлайн) өткөрүү;

2.1.6. Билим берүү тармагында биргелешкен конференцияларды, семинарларды, симпозиумдарды, тегерек столдорду, жана башка ушул сыяктуу илимий иш-чараларды жана демилгелерди өткөрүү. Биргелешкен илимий иш-чаралардын жана билим берүү тармагындагы башка демилгелердин жыйынтыктарын алдыңкы илимий рецензияланган илимий журналдарга, анын ичинде Web of Science, Scopus ж.б. басылмаларды чыгаруу,;

2.1.7. Публикациялар, илимий изилдөөлөр, окуу-методикалык адабияттар, мезгилдүү басылмалар, өткөрлүүчү иш-чаралар жөнүндө маалымат алмашуу;

2.1.8. Тараптар көз карандысыз эл аралык жана улуттук уюмдар менен кызматташууга, мындай уюмдар жүргүзгөн сурамжылоого катышуу үчүн даяр экендиктерин билдиришет;

2.1.9. Кайсы бир Тараптын уставдык максаттарына карама-каршы келбеген учурда Тараптардын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик кайра даярдоо,

2.1.10. Тараптардын ортосунда болгон билим берүү программаларынын алкагында гранттарга биргелешкен табыштамаларды даярдоо;

2.1.11. Тараптар уюштурган билим берүү чөйрөсүндө боло турган эл аралык конференциялар, көргөзмөлөр жана жарманкелер жөнүндө Тараптарды маалымдоо;

Ушул Меморандумдун долбоорлорун ишке ашырууну каржылоо шарттары Тараптардын айрым макулдашуулары менен аныкталат. Ушул Меморандумдун алкагындагы кызматташтыктын кандай түрү болбосун, тиешелүү түрдө тараптардын ресурстарынын болушуна жана финансылык колдоосуна жараша болот.

Тараптар потенциалдуу финансылык өнөктөштөрдү тартууну мүмкүн деп эсептешет, анын ичинде фонддорду.

Бул Меморандумга Тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча кошумча макулдашууларга кол коюу жолу менен өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн, алар анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана тийиштүү түрдө таризделиши жана Тараптардын ыйгарым укуктуу адамдары тарабынан кол коюлушу керек.

Ушул Меморандумдун алкагында кызматташууда Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ченемдик укуктук актыларына таянат.

Меморандумдун алкагында келип чыккан талаш-тартыштар Тараптардын ортосундагы талкуулар жана сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет

Бул Меморандум Тараптар кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана 5 (беш) жыл бою күчүндө болот. Эгерде Тараптардын бири анын мөөнөтү аяктаганга чейин 6 (алты) айдан кечиктирбестен Меморандумду токтотуу ниетин билдирбесе, бул Меморандум кийинки 5 (беш) жылга автоматтык түрдө узартылат,

Бул меморандум кыргыз тилинде 2 нускамада түзүлдү.

| Жалал-Абад облусунун<br>Кара-Көл шаарынын Мэри<br>**Орозбаев Нуртилек Орозбаевич** | И. Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл ш. филиалынын директору, х.и.к., доцент<br>**Өзүбекова Раиса Акжоловна** |
|---|---|
| 721000 Кыргыз Республикасы, Кара-Көл шаары Ленин көчөсү 1<br>Эсептик счету: 4408101221001853<br>ИНН0150919210245<br>Тел.: +996(3746)5-17-31<br>Фалс: +996(3746)5-10-48<br>E-mail: adm.karakul@mail.ru | 721000 Кыргыз Республикасы, Кара-Көл шаары М. Сабиров көчөсү 2<br>Эсептик счету:1290593230000564<br>ИИН: 41602201610227<br>ОПКО 29269438<br>Тел. Факс (037-46)5-11-61<br>E-mail: filial.karakul@mail.ru |
| Колу: ______<br>Күнү: 20.01.2026 | Колу: ______<br>Күнү: 20.01.2026 |